## Студенттерибиз алмашуу программасынын алкагында

Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия адистиги Erasmus+KyrMedu проектисинин негизинде ачылгандыктан студенттерибиз окуу процессинде Германия, Румыния, Хорватия сыяктуу өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын окуу жайларында алмашуу программасынын негизинде барып окуп келсе болот



### Керектелүүчү документтер

- ЖРТнын баллы;
- Орто мектепти бүткөндүгү тууралуу күбөлүк;
- Паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- Аскерге чакырылгандыгы тууралуу күбөлүк;
- Сүрөт (3х4 форматында)

## Биздин дарек


723500. Ош шаары, Ленин көч. 331, 205-каана

+996 772 843 108, +996 773 281 782

acct.zoom2020@gmail.com










# Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия



## ССИБИ программасы

2017-жылы ИТАС кафедрасынын аракети менен, өлкөбүздүн медицина тармагын санариптештирүү, медицинада колдонулган УЗИ, томография, рентген ж.б. бардык санариптик жабдыктар менен техникалардын программалык жана аппараттык жабдылыштарын тейлөөчү “Саламаттык сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия” адистиги ачылып, **(«Колдонмо информатика»** (областтар боюнча) багытынын профили) студенттери билим алып жатышат. Аталган адистиктин окутуучулары жана студенттери Германиянын, Румыниянын жана Хорватиянын пертнер-ЖОЖдору менен тыгыз байланышта иш алып барышат.

***Окуу мөөнөтү 4 жыл келишимдик негизде, ЖРТ талап кылынат.***

## Программанын максаты

кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн билимдерди, көндүмдөрдү, тажрыйбаларды алууга керектүү шарттарды түзүү.

## Эмгек ишмердүүлүгү

– Саламаттык сактоо мекемелерин автоматташтыруу жана маалыматташтыруу боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу
– Саламаттык сактоо мекемелеринин ишин маалыматтык-техникалык жактан камсыздоо
– Медициналык маалымат тутумдарын тейлөө жана эксплуатациялоо (МИС)
– Медициналык изилдөөлөрдү маалыматтык камсыздоо
– Биомедициналык жабдууларды орнотуу
– Орнотулган биомедициналык жабдууларды колдоо
– Биомедициналык жабдууларды оңдоо
– Медициналык мекемелерде башкаруу ишин уюштуруу



## Биздин бүтүрүүчүлөр төмөнкүдөй кызмат орундарда иштей алат:

– Маалыматтар базасынын администратору
– Маалыматтык ресурстар боюнча адис
– Маалымат системалары боюнча адис
– Системалык администратор
– Медтехникаларды тейлөөчү инженер техник ж.б.

**Негизги билим берүү программасы**

**“Өлкөбүздүн ар бир жараны IT технологияны үйрөнүүсү керек... Анткени ал жаңыча жана креативдүү ой жүгүртүүгө жол ачат”**